# КЫРГЫЗ ТИЛИ

**(окутуу орус, өзбек, тажик тилинде жүргүзүлгөн мектептер үчүн)**

## 7-класс №2-вариант

**№1. Суроолуу сүйлөмдү белгиле.**

а) Мен баарын түшүндүм
б) Күз мезгили мага жакчу
в) Сен келип калдың беле
г) Ал жакшы эле түшүндү

**№2. Айтылыш максаты боюнча сүйлөмдүн түрүн белгиле.**
**Тур, тезирээк жазып бүтүр□**

а) суроолуу б) буйрук в) жай г) атама

**№3. Айтылыш максатына карай сүйлөмдүн түрүн белгиле.**
**Ысык-Көл эң тунук көлдөрдүн бири□**

а) суроолуу б) татаал в) илептүү г) жай

**№4. Сүйлөмдүн ээсин белгиле.**
**Токтогул Кетмен-Төбөнү көздөй жол тартты.**

а) жол тартты б) көздөй в) Токтогул г) Кетмен-Төбөнү

**№5. Сүйлөмдөгү баяндоочтун суроосун белгиле.**
**Жазында күн жаайт, чөптөр өсөт.**

а) Эмне болот? б) Кайсы кезде? в) Кандай учур? г) Эмне кылган?

**№6. Берилген тартиптеги сүйлөмдү белгиле.**
**бышыктооч толуктооч татаал баяндооч**

а) Аракет кылган адам ийгиликке жетет.
б) Эрте турган адам баарына жетишет.
в) Билимдүү адам кор болбойт турбайбы.
г) Кечке жумуштан бошогон жокмун.

**№7. Сүйлөмдүн баш мүчөлөрүн белгиле.**
**Мурда кыргыз элинин борборлошкон өкмөтү болгон эмес.**

а) борборлошкон, эмес
б) мурда, болгон эмес
в) кыргыздын, өкмөтү
г) өкмөтү, болгон эмес

**№ 8. Сүйлөмдү этиш сөздүн өткөн чагы менен толукта.**
**Сен мага аны … .**

а) көрсөткөнсүң б) көрсөтпөгүн в) көрсөтпөчү г) көрсөтөсүң

**№ 9. Суроолуу сүйлөмдү белгиле.**

а) Кыш мезгили мага абдан жагат
б) Кыш айы кандай кереметүү
в) Кыш мезгили силерге жагабы
г) Кыш эмнегедир өтө суук болду

**№ 10. Илептүү сүйлөмдү белгиле.**

а) Сен бүгүн сабакка барасыңбы
б) Эң таттуу алманы мен жедим
в) Бул сөздү угуп, карышкыр артын карабай качып кеткен экен
г) – Чычкан, чычкан, кандай күлүксүң да, кандай шамдагайсың